## «Энелер мектебинин» Жобосу

1. **Максаты:**

1.1.Балдардын бардык жакшы сапаттарынын көпчүлүгү энеден өткөндүгүн эске алып, балдарды мектепке тарбиялоодо, адеп-ахлактык тарбиясы жөнүндө алгачкы педагогикалык маалымат берүү.

1.2.«Энелер мектеби» аркылуу ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуу.

1.3.Үй бүлөдө балдардын сезүү, кабылдоо, ойлоо, эстеп калуу ж.б таанып-билүүгө, билим алууга зарыл болгон калыптандыруунун эн жөнөкөй жолун, ыкмаларын үйрөнүү.

1.4. Энелерге, айрыкча жаш энелерге балдарды тарбиялап-өстүрүүгө кызыгууну, жоопкерчиликти ойготуу.

1.5. Балдарга жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша мамиле түзө билүүгө, баарлашууну калыптандырууга үйрөтүү

1.6. «Энелер мектеби» жалпы билим берүүчү мектептердин ичинде түзүлөт. Негизги принциби мектепке даярдоо класстарынын жана мектеп окуучуларынын сапаттуу билим алуусуна жана алардын өнүгүүсүнө, үй бүлөлүк тарбиялоого багытталган ата-энелер жана коомчулуктун башка өкүлдөрү менен тыгыз кызматташтык жүргүзүү болуп саналат.

1.7.Мектептер үй бүлөлөр жана коомчулук менен мамиле түзүп, балдарды туура тарбиялоого шарт түзүү менен үзгүлтүксүз эки тараптуу кызматташтык жүргүзөт. Окутуу жана тарбиялоо процессинде ата-энелердин педагогдук билимин жогорулатууга, билим берүү тармагындагы инновациялык процесстер, окутуудагы жана программаларды маалымдоого, баланы үй бүлөдөгү тарбиялоодо көмөк көрсөтүүгө багытталат.

1.8.«Энелер мектебинин» жобосу «КРнын билим берүү мыйзамынын», «Мектепке чейинки билим берүү жана балага кам көрүү мыйзамынын», «Баланын укугу» тууралуу Конвенциянын, «КР Үй бүлө кодексинин», 2012-2020-жылга чейинки КР билим берүүнү туруктуу өнүктүрүү стратегиясынын негизинде иштелип чыкты.

1.9.«Энелер мектебинин» жобосу мектеп директору тарабынан райондук билим берүү бөлүмдөрүнүн макулдашуусу аркылуу бекитилет.

1.10. «Энелер мектеби» жалпы билим берүүчү мектептердеги энелерди окутуу ишин жүргүзөт.

1.11. Балдарды окутуу, тарбиялоо, өнүктүрүү багытындагы энелер, коомчулук менен биргелешкен иш-чараларды өткөрөт.

2. **Энелер мектебинин» түзүлүшү**

2.1 Энелер мектеби- эксперимент рамкасында, илимий- педагогикалык проблемалык лаборатория корутундусу негизинде мектеп базасында ачылат. Алгач балдары 1-класска келе турган энелер кабыл алынат. Бирок, булардан тышкары да каалоочулар жобо шартын аткарса катышуусу мүмкүн. 5-класс жана жалпы мектепке жаны келген окуучулардын энелери да окуудан өтөт. Жаны окуу жылынан балдары биринчи класска келе турган бардык энелер үчүн «Энелер мектебинен» даярдыктан өтүү милдеттүү.

2.2. Окутуу тездетилип, кыскартылган жана кенейтилген программа менен өтүлүүсү мүмкүн. Атайын журналда мектеп угуучулары, өтүлгөн темалар катталып барылат. «Эне мектебиндеги» окуу экзамен менен жыйынтыкталып атайын үлгүдөгү күбөлүк (справка) берилет.

2.3. «Энелер мектебинин» үй бүлөлүк тарбиялоодогу актуалдуу көйгөлөрдөн келип чыккан маселелердин жана ата-энелерди сурамжылоонун негизиндеги дифференцияланган мазмундагы ишмердүүлүктү жана туура багытта тарбиялоону калыптандырган мазмундагы энелерди окутуу ишмердүүлүгүн камтыйт.

## 3. Энелер менен иш алып баруунун максаты жана багыттары.

3.1. Энелер менен иш алып баруунун максаты балдарды тарбиялоодо биргелешкен кызматташтык жүргүзүү, ата-энелерди мектептин ишмердүүлүгүнө тартуу.

3.2. Энелер менен иш алып баруунун негизги багыттары: Балдардын жеке мүмкүнчүлүгүн, жөндөмдүүлүгүн эске алуу менен профилактика, балдардын жүрүм-турумун коррециялоодо жүргүзүүгө көмөк көрсөтүү.

3.3. Энелердин бала тарбиялоодо педагогикалык маданиятын жогорулатуу;

3.4. Өсүп келе жаткан муунду тарбиялоо ишинде үй бүлөнүн жана башка социалдык институттардын иш-аракетин бириктирүү

3.5. Үй бүлөдөгү жана мектептеги көйгөйлөрдү чечүү үчүн кенири социалдык иш аракеттерди жүргүзүү.

## 4. «Эне мектеби» ишмердүүлүгүнүн башкы багыттары жана мазмуну.

4.1 . Машыгуулар атайын программанын негизинде турат.

4.2 . Энелердин өздөрүнүн үй бүлөсүндө балдарга татыктуу таалим- тарбия берүү, мектепке балдарды даярдоо жөнүндө билим – маданият денгээлин көтөрүү.

4.3. Балдары психо-физиологиялык, интеллектуалдык өсүү закон ченемдүүлүктөрүн үйрөнүү.

4.4. Окуучулардын мектепке даярдыгынын айрым проблемаларын анализдеп, кыйын абалдан чыгуу боюнча иш-чараларды түзүү, проблемаларды чечүү жолдорун үйрөнүү.

4.5. Дүйнөлүк жаны тажрыйбаны үйрөнүп, чыгармачылык менен пайдалануу жолдорун иштеп чыгуу.

4.6. Дене боюн, акыл-эсин, сезимин, адамкерчилик асыл сапаттарын өстүрүү методикасын үйрөнүп сынактан өткөрүү.

4.7. Элдик педагогиканы үй бүлө тарбиясында пайдалануу.

4.8. «Мыкты үй бүлө», «Үлгүлүү эне» тажрыйбасын үйрөнүү.

4.9 Балдарды ар тараптуу өстүрүүчү уюштуруу методикасын өздөштүрүү.

4.10. Дарыгер, тарбиячы, «Мыкты эне», «Мыкты окуучу» ж.б. менен жолугушуу.

4.11. Кино фильмди, көркөм адабиятты турмуштук түрдүү ситуацияларда анализдөө, талкуу уюштуруу.

4.12 . «Мыкты эне», «Мыкты үй бүлө», «Мыкты сабак даярдоочу бөлмө» конкурстары өткөрүү

## 5. Энелер менен иш алып баруунун негизги милдеттери

5.1. Энелерди педагогикалык, психологиялык, укуктук негиздер менен тааныштыруу;

5.2. Мектеп менен үй бүлөнүн бирдиктүү тарбиялоонун иш аракеттерин камсыз кылуу;

5.3. Туура тарбиялоодогу инновациялык тажрыйбаларды жайылтуу жана бириктирүү;

5.4. Энелерди көбүрөөк келтирилген кемчиликтерди жоюу иш-аракеттерин жүргүзүү;

5.5. Балдарга ырайымсыз мамилени, зордук-зомбулукту болтурбоо иштерин түшүндүрүү;

5.6. Энелерди тарбиялоо процессине активдүү катышууга тартуу;

5.7. Балдарга билим берүүдө биргелешкен ишмердүүлүктөрдү жүргүзүү;

5.8. Энелер арасындагы педагогикалык билимдерди, үй бүлөдөгү үлгүлүү тажрыйбаларды жайылтуу жана балдарды тарбиялоодо үй практикалык көмөк көрсөтүү;

5.9. Коомчулуктагы жана үй бүлөдөгү үлгүлүү тажрыйбаларды жарыялоо, үгүттөө иштерин уюштуруу;

5.10. Энелердин педагогикалык билим алуусун активдештирүү.

### 6. «Энелер мектебинин» ишмердүүлүгү төмөнкү формада жүргүзүлөт:

- ✓ энелерди окутуу тренингдери;
- ✓ биргелешкен ишмердүүлүктөр, психологиялык оюндар;
- ✓ диспут;
- ✓ тегерек стол;
- ✓ Ой ордо;
- ✓ семинарлар;
- ✓ психологиялык-педагогикалык практикум;
- ✓ энелер менен уюштурулган ар кандай кароо сынактар;
- ✓ окурман клубу;
- ✓ майрамдык кечелер;
- ✓ жолугушуу кечелери;
- ✓ спорттук оюндар;
- ✓ викториналар;
- ✓ дебаттар;
- ✓ пресс конференция;
- ✓ ачык тарбиялык сааттар.

### 7. «Энелер мектебинин» иштерин уюштуруу

7.1. «Энелер мектеби» өзүнүн ишин демократия, ачык-айрымдуулуктун, ар кандай категориядагы энелердин ой-пикирин, кызыкчылыгын урматтоо принциптеринин негизинде түзүлөт.

7.2. «Энелер мектебинин» отуруму жылына төрттөн кем эмес өткөрүлүүсү.

7.3. «Энелер мектебинин» отурумунун токтому толтурулат, чечимине анын жетекчиси кол койот.

7.4. Бул документ мектеп менен энелердин ортосундагы мамилелерди жөнгө салуу маселелериндеги локалдуу акт болуп саналат.
7.5. «Энелер мектебинин» иш планы жана окутуу программасы 1 жылга түзүлөт.

7.6. «Энелер мектебин» мектептеги класстан тышкаркы иштердин уюштуруучусу же квалификациялуу педагог жетектейт.
7.7. «Энелер мектебинин» жетекчиси өзүнүн ишмердүүлүгүн мектеп директору менен акылдашуу аркылуу жүргүзөт.
7.8. «Энелер мектебинин» жетекчиси мектеп директоруна отчёт берет.
7.9. «Энелер мектебинин» ишмердүүлүгүнө активдүү катышкан, окутуу, тренингдерге толук катышкан энелерге мектеп администрациясы тарабынан сыйлоо баракчалары ыйгарылат.
7.10. «Энелер мектебинин» ишмердүүлүгү мектептин жана класс жетекчинин иш планына ылайык жүргүзүлөт.
7.11. Энелерди окутууда жана биргелешкен иш -чараларды өткөрүүдө төмөнкү маанилүү маселелерди эске алуу керек.

- Энелерди окутуу программасынын тематикалык мазмунунун актуалдуулугу;
-педагогдордун компетенттүүлүгү;
- өткөрүлүүчү ар кандай иш чаранын актуалдуулугу, максаттуулугу, мазмундуулугу, балдардын ден соолугу, өмүрүнүн коопсуздугу.

## 8. «Энелер мектебинин» отурумунун укуктары.

8.1. Энелер чогулушу алардын көңүлүн төмөнкүлөргө буруууга:

- ✓ Чогулуштун чечимин так аткарууга;
- ✓ Билим берүү мыйзамынын талаптарына баш ийүүгө, балдарды тарбиялоодо, алардын билим алуусуна, коопсуздугуна, ден соолугуна жоопкерчиликтүү болууга;
- ✓ Мектептин Уставын аткарууга.

8.2. Мектептин жашоосу тууралуу маселелерди биргелешкен талкууга салууга жана чечимдерди сунуш иретинде кабылдоого;

## 9. Билим берүү жана социалдык уюмдары менен кызматташуусу.

- Райондук билим берүү бөлүмү
- Жогорку жана орто окуу жайлары;
- Балдарды социалдык жактан коргоо уюму;
- Саламаттыкты сактоо кызматкерлери
- Психологдор;
- соц. педагогдор;
- Ички иштер бөлүмүнүн кызматкерлери;
- Билим берүү мыйзамына ылайык билим берүү максатын көздөгөн башка уюмдар;
- Жергиликтүү башкаруу органдары.

## 10. «<u>Энелер мектебинин» каржыланышы.</u>

«Эне мектеби» - бул элдик мектеп;

- Сабак лекцияларга даярдануу үчүн каражат угуучулардын эсебинен, атайын төлөм же ыктыярдуу салым түрүндө

-Мыкты катышкан, жакшы жетишкен окуучуларга кызыктыруучу сыйлыктар берилет.
-Мектептин демөөрчүлөрү тарабынан

**С.Исмаилов атындагы орто мектебиндеги классстар аралык «Энелер мектебинин» программасына түшүндүрмө кат.**

Окуучулардын билим-тарбия сапатын эске алып, ата-энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүү аркылуу окуучулардын билим-тарбия сапатын жакшыртуу үчүн бул программа түзүлдү.

Жалпы мектептик энелер мектебинен айырмаланып класстар аралык «Энелер мектебинде» 1-класстан баштап ар бир класстын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алып, үй бүлөдө балдарды тарбиялоодо ата-энелерге жардам берүүчү, усулдук багыт берүүчү темалар камтылды.

Мында балдарды мектепке, мугалимге урмат – сый, кызыгууга тарбиялоо, үй бүлөдөгү моралдык- психологиялык климат, өзүн-өзү тарбиялоо, өзүн-өзү тейлөө, акыл эмгеги жөндөмүн өстүрүү, ой -өрүшү кругозорун өстүрүү ж.б темалар камтылды.

Өзгөчө балдардын үй тапшырмасын аткаруусун уюштуруу, ага шарт түзүү, контролдоо, эс алуусу, тамактануу, ойноо, эмгектенүү ж.б. туура уюштурууга маани берилди

Балдардын чарчап-чаалыгуусу, баш, нерв оорусун алдын алуу, ден соолугун чыңдоо, спорт менен машыгуусу ж.б. арналган темалар бар.

Бала тарбиясында ата-эненин жеке үлгүсү, тарбиянын максат, методдору, сырлары жөнүндөгү темалар берилип, практикалык иш, машыгуу, көнүгүүгө саат бөлүнгөн.

Класстарына ылайык тарбиянын түрдүү багыттары:

акыл-эс, эмгек, адептүүлүк, ыйман, эстетика, этика ж.б. камтылган.

Класстар жогорулаган сайын ата-энелерге өтүүчү темалар бир аз татаалдашып, жаш өзгөчөлүгүнө ылайык темалар камтылган. Мисалы: 9-10-класстарга: Эл жерин сүйүү, досторду, чөйрөнү туура тандоо, адамдар менен туура мамиледе болуу, балдар жана кыздарды тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү ж.б. камтылат.

Ар бир темага 2 сааттан убакыт бөлүнүп анын бир сааты теория, бир сааты практикалык иш, тренинг, тажрыйба алмашуу ж.б. түрүндө өтөт.

Бул тарбиялык сааттарды ушул программанын негизинде «Ата-энелер сиздер үчүн» китебин пайдаланып ар бир класс жетекчи өтсө болот.

Алгач мектептин жалпы класс жетекчилери үчүн, айыл өкмөт, райондун жалпы класс жетекчилери үчүн 1-2 күндүк усулдук семинар - тренинги өтүлсө жакшы болот.

Бул 20 сааттык «Энелер мектебин» өткөрүүнүн 3-4 варианты бар.

**1-вариант** жазгы каникулда (март), кышкы каникулда (январь) 1 күндө 5-6 сааттан өтүп 4 күндө бүтсө болот.

**2-вариант** күнүнө 8-10 сааттан өтүп 2-3 күндө бүтүрсө болот.

**3- вариант** жумасына 2 сааттан өтүп 2-3 айда бүтсө болот.

**4 – вариант** 10 теманын негизин алып тезис түрүндө обзор лекция кылып, бир чон ата-энелер чогулушунда өтсө болот.

Энелер мектебинин бул сабактарына балдары мыкты окуган ата-энелер, тажрыйбалуу лекторлор, дарыгерлер чакырылып жолугушуулар өткөрүлсө болот.

Ар бир тема өтүлгөндөн кийин кийинки сабакта текшерилип, атайын журналга бааланып, андан кийин жаны тема өтүлүп башталат.

Энелер мектеби курсунун акырында тегерек стол, тажарыйба бөлүшүү, суроо-жооп, анкета толтуруу, үлгүлүү үй бүлөлөргө экскурсия уюштуруу ж.б. өткөрүлсө болот.